DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



*Беделова К.*

# ЖАЗГЫЧ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Беделова К.*

# ОБЩИЕ ВОПРОСЫ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ИЗУЧЕНИЯ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПОЭТОВ-ПИСЬМЕННИКОВ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*K. Bedelova*

# GENERAL ISSUES OF COMPETENT STUDY OF WORKS OF POETS AND WRITERS IN HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 37.016:82 (072)/378*

*Макалада жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо окутууда акыркы жылдары келип чыккан проблемалар, республикабыздын жалпы орто, атайын орто жана жогорку билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр, окутуу процессиндеги компетенттүүлүк, окуучу менен студенттин билим алууга деген компетенттүүлүгү, мугалим-окутуучунун билим, тарбия берүү процессиндеги компетенттүүлүгү, кыргыз адабияты предметин ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутуп-үйрөтүү, өздөштүрүү маселелери каралды. Мында ошондой эле жазгыч акындарды ЖОЖдордо компететенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана методикалык аспектиде изилдениш абалы, объектинин актуалдуулугу тууралуу маалыматтар камтылды. Макаланын материалдары жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүү окутуу ишине өз салымын кошот го деген терең ишенимдебиз. Макала ЖОЖдордун филологиялык факультет-теринин окутуучуларынын, магистранттарынын жана студенттеринин сабак процессинде колдонууларына арналып жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенттүүлүк, салттуу окутуу, салттуу эмес окутуу, интерактивдүү окутуу, инсанга багыттап окутуу, инновация, окутуу технологиясы.*

*В статье рассмотрены проблемы, возникшие в последние годы при изучении произведений поэтов письменников в вузах, существенные преобразования в системе среднего школьного, средне специального и высшего образования республики, компетентность в процессе обучения, компетентность школьников и студентов в получении знаний, компетентность преподавателя в учебном и воспитательном процессе, обучение и освоение кыргызской литературы на основе компетентности в вузах. Здесь также приведены сведения об актуальности объекта, состояние исследованности в теоретическом и методическом аспекте на основе компетентностного изучения поэтов письменников в вузах. Мы уверены, что материалы статьи вносят свой вклад в процесс компетентностного изучения произведений поэтов письменников в вузах. Статья написана для практического применения в учебном процессе преподавателями, магистрантами и студентами филологических факультетов вузов.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, традиционное обучение, нетрадиционное обучение, интерактивное обучение, личностно ориентированное обучение, инновация, технология обучения.*

*The article considers the problems that have arisen in recent years when studying the works of poets of writers in universities, significant transformations in the system of secondary school, secondary special and higher education of the republic, competence in the teaching process, competence of schoolchildren and students in obtaining knowledge, competence of a teacher in the educational and educational process, teaching and mastering Kyrgyz literature on the basis of competence in universities. It also provides information on the relevance of the object, the state of research in the theoretical and methodological aspect based on the competent study of poets of writers in universities. We are confident that the materials of the article contribute to the process of competent study of the works of poets and writers in universities. The article is written for practical application in the educational process by teachers, undergraduates and students of philological faculties of universities.*

***Key words***: *competence, traditional learning, non-traditional learning, interactive learning, personalized learning, innovation, learning technology.*

Ааламдашуу процессинин арааны күч алган акыркы жыйырма-жыйырма беш жыл аралыгында республикабыздын жалпы орто, атайын орто жана жогорку билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр жүрүп, натыйжада окутуу процессиндеги компетенттүүлүк, окуучу менен студенттин билим алууга деген компетенттүүлүгү, мугалим-окутуучунун билим, тарбия берүүгө карата компетенттүүлүгү, мектептеги жана ЖОЖдогу кайсы бир предметти, биздин мисалыбызда, кыргыз адабияты предметин ЖОЖдордо компетенттүү, компетенттүүлүккө негиздеп окутуп-үйрөтүү, өздөштүрүү маселелери келип чыгып, андагы максат-милдеттердин чечмеленишин туура, ирети менен жыйынтыктуу алып баруунун жол-жоболорун, нускама-колдонмолорун иштеп чыгуу маселеси курч коюлуп отурат. Окуу предметин – адабиятты компетенттүү окутуп-үйрөтүүгө, өздөштүрүүгө деген мындай максат-милдеттерди орду-орду менен, ирettүү алып баруу үчүн окутуунун заманбап технологияларынын, мунун ичинде адабиятты заманбап салттуу жана салттуу эмес окутуунун, жигердүү жана интерактивдүү окутуунун, адабиятты ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде окутуп-үйрөтүү процессин инновациялап өнүктүрүүнүн, адабиятты – кыргыз адабиятын инсанга багыттап окутуунун, этнопедагогикалык негизде окутуунун, башка окуу предметтерин адабият предмети менен интеграциялоо аркылуу билим берүү-алуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрү кеңири колдонууга алынышы зарыл болуп турат.

Анан сөзсүз ЖОЖдун окутуучусунун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси. «Кыргыз Республикасында билим берүүнү Болон процессине негизденип уюштуруу студенттерге кесиптик

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



билим берүүнү жана аларда кесиптик компетенттүүлүктөрдүн компетенцияларын калыптандырууну көздөйт» [1, 10-б.]. Белгилүү болгондой, ЖОЖдун окуутуучусунун кесиптик компетенттүүлүгү аны «калыптандыруу позициясында жүргүзүлгөн иштин тажрыйбасынан, анын деңгээли студенттерде кесипке багытталган ой жүгүртүүнүн, максаттуу багытталган систематикалык тарбиялоонун, анын мотивдешүүчүлүк, мазмундук, процессуалдык жана контролдук-баалоо жактарынын биримдигинен көз каранды» [2, 42-б.].

Мындагы башкы **максат** болуп ЖОЖдордо филологиялык эки деңгээлдүү билим берүүдө жазгыч акындардын: Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын, Молдо Багыштын, Нурмолдонун, Алдаш Молдонун ж.б. чыгармаларын студенттердин жана магистранттардын кесиптик компетенцияларынын түзүлүп калыптануусун камсыз кылуучу компетенттүүлүктөргө негиздеп окутуу технологияларынын илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуунун негизги багыттарын аныктап-тактоо эсептелинет.

Ал эми мындагы иликтөөбүздүн **методологиялык негизин** дүйнөнү, инсанды таанып-билүүнүн диалектикалык окуулары, адабиятты – жазгыч акындардын чыгармачылыктарын ЖОЖдордо окутуу боюнча педагогикалык-психологиялык, этика-эстетикалык изилдөөлөр, адабий жана илимий-методикалык эмгектер, антикалык доордон берки акылмандардын, чыгыш аалымдарынын философиялык ой жоруулары, педагог окумуштуу адистердин билим, таалим-тарбия жөнүндөгү көз караштары менен чыгармачыл, жаңычыл окутуучулардын табылгаларынын жыйынтыктары түзөт.

Бул аталган методологиялык негиздерге таянуу менен алдыга коюлган максат-милдеттердин жүзөгө ашуусуна жетишүү жетишүү үчүн макалада төмөндөгүдөй **методдор** колдонулду: 1) теориялык: илимий, педагогикалык-методикалык жана адабият таануучулук адабияттарды анализдөө жана синтездөө, салыштыруу, жалпылоо, классификациялоо; 2) практикалык: окутуу-тарбиялоо практикасын байкоо, анкета алуу, эксперимент; 3) статистикалык: жазгыч акындардын чыгармаларын окутуп-үйрөтүүдөгү буга чейинки окутуучулук тажрыйбанын, атайын максаттуу иликтөөнүн жана жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжаларын сандык-сапаттык жактан жыйынтыктап иштеп чыгуу.

Мындагы **илимий жаңылык** ЖОЖдордо «филологиялык билим берүү», «филология» (кыргыз адабияты) багыттары боюнча кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычында (бакалавриат) компетенттүүлүк негизинде жогорку окуу жайларында жазгыч акындардын: Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын, Молдо Багыштын, Нурмолдонун, Алдаш Молдонун ж.б. чыгармачылыктарын окутуу технологиясы Кыргызстанда биринчи болуп иштеп чыгуу аракетинде жатат.

Бул жазып баштаган илимий-методикалык макалабыздын **практикалык маанилүүлүгү** компетенттүүлүк, адабияты – кыргыз адабиятын компетенттүү окутуунун негизинде жазгыч акындардын чыгармаларын окутуу технологияларынын илимий-методикалык негиздерин түзүү жана эксперименталдык текшерүү процессинде илимге жана окутуу практикасына жаңылык киргизүүчү бир катар маанилүү теориялык жана практикалык натыйжалардын алынгандыгында турат.

Жазгыч акындардын чыгармачылыктарын ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде компетенттүү, компетенттүүлүккө негиздеп окутуп-үйрөтүү процессин ийгиликтүү жүзөгө ашырыш үчүн билим берүү-алуудагы компетенттүүлүк, компетенттүү окутуу деген эмне экенин тереңден тү-шүнүү менен катар эле окутуп-үйрөтүүнүн өзүнө деген компетенттүү мамилени аңдап түшүнүп, аны окутуу-билим алуунун жүрүшүндө ийкемдүүлүк менен колдоно билүү ылайык. Окутуу-билим алуудагы компетенттүүлүккө, окуу предметин окутуп-үйрөтүүдөгү, үйрөнүүдөгү компетенттүү мамилеге арнап россиялык бир катар окумуштуу-методисттер өздөрүнүн илимий эмгектерин жаратышкандары белгилүү. Атап айтсак, ушул багытта С.А. Королькованын [3], В.А. Беляева менен А.А. Петренконун [4], рязандык методист-окумуштуулардын автордук жамаатынын [5], М.П.Манаенкованын [6], С.Д. Якушеванын редакторлугу менен автордук жамааттын [7], Омскийлик окумуштуулар жамаатынын [8], түзүүчүлөр: Н.В. Соловова менен С.В. Николаеванын [9], И.А. Зимняянын [10], С.Л. Троянскаянын [11] ж.б. илимий монографиялары, илимий-усулдук макалалары жарык көргөн.

ЖОЖдогу окуу предметин, биздин мисалыбызда, жазгыч акындардын6 Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын, Молдо Багыштын, Нурмолдонун, Алдаш Молдонун ж.б. чыгармачылыктарын окутуп-үйрөтүүгө карата компетенттүү (иш билигиликтүү) мамиледен улам аны компетенттүү же компетенттүүлүккө негиздеп окутуу түшүнүгү келип чыгат. Д.Б. Бабаев менен М.С. Мурзаевдин айтымында: «…компетенттүүлүк негизде окутууда студенттерге даяр билимдерди берүүгө аракеттер жасалбастан, алдында пайда болгон маселени чечүүгө зарыл болгон билимдерди, түшүнүктөрдү өз алдынча табууга көнүктүрүүгө басым жасалып, окутуу изилдөөчүлүк жана практикалуу мүнөзгө ээ болгондугу менен өзгөчөлөнөт» [1, 11-б.]. Дегинкиси, компетенттүү же компетенттүүлүккө негиздеп окутуу – бул студенттин кайсы бир түшүнүктү, билимди кабылдоого карата компетенттүү болушу, компетенттүү экенинин эске алынышы. Профессор Б.Акматовдун айтымында: «Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу – бул азыркы мезгилдеги коомдук-социалдык-зарылдыктан улам келип чыккан парадигма. Тагыраак айтканда, ал коомдук-саясый,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



социалдык-экономикалык кырдаалдарга ылайык заманбап түшүнүктөрдүн тез-тез өзгөрүп, мезгилдин ушунчалык ыкчамдык менен аракетке келүүсүнүн натыйжасында адамзаттык баалуулуктардын кескин жаңылануусуна, адам баласы үчүн баалуу деп саналган дөөлөттөрдүн күн сайын толукталып, улам жаңы мазмунга ээ болуп туруусуна болгон муктаждыктан улам түзүлүүдө» [12]. Мына ушул сыяктуу жагдай-көрүнүштөр жаш муундардын кесиптик билим алуусунун бири экинчисин улаган үзгүлтүксүз болуусун гана шарттабастан, ошол билим берүү-алуу процессинде компетенттүүлүктүн, компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун да сөзсүз орун алуусун шарттап отурат.

Белгилей кетсек, компетенттүүлүккө, окуу предметин республиканын ЖОЖдорунда компетенттүү, компетенттүүлүккө негиздеп окутуп-үйрөтүүгө жана өздөштүрүүгө Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттарында да атайын көңүл бөлүнгөн. Бул милдеттүү делинген окуу-нормативдик документтерде бакалавриатты, адистик бөлүмдү жана магистратураны бүтүрүүчүлөр ээ болчу негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмеги белгиленип берилген. [13] Азыркы рынок мамилесинин шартында ЖОЖдордун адис-бүтүрүүчүлөрү атаандаштыкка жөндөмдүү, чыгармачылык ишке багытталган, өз демилгелүү, ыкчам ийкемдүү жана жоопкерчиликтүү, ар нерсеге кызыкдар болуп калыптануулары зарыл болуп турат. Демек, бүгүнкү студенттин, эртеңки филологадистин ЖОЖдо билим алуусу маалында жана болочоктогу кесиптик ишмердүүлүгүндө ар тараптуу билгиликтүү (компетенттүү) болушу талабынын коюлушу толук мыйзамченемдүү.

Айтмакчы, кайсы бир окуу предметин, мунун ичинде адабиятты – кыргыз адабиятын жалпы орто, атайын орто жана жогорку билим берүү мекемелеринде компетенттүү, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселеси бүгүн, азыр эле чыга калган жок. XX кылымдын 60-70-жылдарынан тартып дайыны дүйнөгө белгилүү окумуштуу-педагогдор: Л.А. Петровскаянын [14], В.И. Байденконун [15], Г.Э. Белицкаянын [16], Л.И. Берестованын [17], А.К. Маркованын [18], Н.В. Кузьминанын [19,20], В.Н. Куницинанын [21], Дж.Равендин [22], Е.М. Божко менен А.О. Ильнердин [23], А.В. Хуторскийдин [24], Л.И. Гурьенин [25], Н.Хомскийдин [26] ж.б. эмгектеринде «компетенция» жана «компетенттүүлүк» маселелери талдоого алынуу менен, кесиптик компетенциялардын түзүлүп калыптандырылышы болочок адисти кесиптик даярдоону сапаттык жактан жогорулатууга карата жаңыча мамиле болуп эсептелинери белгиленип кеткен. Демек, окутуунун мындай түрү студенттин "...жаңы тажрыйбаларды өздөштүрүүсүнө себеп болот: проблемаларды аныктап, идентификациялайт, изилдөө, проектирлөө жана кызматташуу жөндөмдөрү пайда болот, продуктыны алуу үчүн жаңы технологияны түзүп, ал эми белгилүүлөрүн иш жүзүндө пайдаланат, натыйжа сапатын баалайт ж.б." [27, 110-б.].

XX кылымдын акырына карай бул түшүнүк-концепциялар бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануучуга кабылган Кыргызстандын да орто, атайын орто жана жогорку билим берүү системасына кирип баштаганы белгилүү. Ушуга эле удаа Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2000-жылдын 29-декабрындагы №752/1 буйругу менен 520300 «Кыргыз филологиясы» багыты боюнча эки деңгээлдүү адистик билим берүү системасы (бакалавриат жана магистратура) киргизилген. Башкы максаты – компетенттүүлүктүн негизинде Болон системасына ылайык атайын орто жана жогорку кесиптик билим берүүнү камсыз кылуу.

Компетенттүүлүк, кайсы бир окуу предметин – кыргыз адабияты предметин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу түшүнүгү атайын орто жана жогорку билим берүү системасына Болон процесси концепциясынын колдонууга киргизилиши менен тыгыз байланыштуу, кандайдыр анын негизги өзөгү сыяктуу. Төрт жылдык бакалавриатты жана эки жылдык магистратураны көңүлгө алган Болон процессиндеги окутуунун натыйжаларын, андагы окутуп-үйрөтүүгө карата компетенттүү мамилеге, компетенттүүлүккө негиздеп окутууга арналып, профессор В.И. Байденконун редакторлугу менен жамааттык негизде атайын бараандуу эмгек даярдалып, басмадан чыгарылганын белгилей кетмекчибиз [28]. Так ушул жагдай эске алынуу менен, изилдөө ишибиздин негизги нугу мына ушул төрт жылдык бакалавриатта адабиятты – кыргыз адабиятын, анын жазгыч акындардын: Молдо Нияздын, Молдо Кылычтын, Молдо Багыштын, Нурмолдонун, Алдаш Молдонун ж.б. чыгармачылыктарына арналган бөлүмүн компетенттүү, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу багытында алып барылмакчы.

Кыргызстандын ЖОЖдорунда атайын орто жана жогорку билим берүү системасын дүйнөлүк тажрыйбага таянуу менен компетенттүүлүктүн негизинде өнүктүрүп-өркүндөтүүнүн зарылдыгы аны изилдепиликтөө иштеринин жанданышына алып келди. Билим берүүнү Н.А. Асипова, Э.М. Мамбетакунов, А.А. Айдаралиев, И.Б. Бекбоев, К.А. Биялиев, К.Д. Добаев, Н. Ишекеев, А.Т. Калдыбаева, Л.А. Шейман, С.Т. Батаканова, Б.М. Акматов, М.Х. Манликова, А.Муратов, Ж.Чыманов, Б.Оторбаев, В.Мусаева ж.б. өздөрүнүн изилдөөлөрүндө инновациялоонун келечектүүлүгү эсебинде келчу эки деңгээлдүү билим берүү-алуунун жаңы, өзүнчө бир парадигмасы катары карашканы белгилүү. Атап айтканда, И.Б. Бекбоевдин, К.А. Биялиевдин, К.Д. Добаевдин, А.С. Мукамбетованын, В.И. Мусаеванын, С.К. Рысбаевдин, Ж.А. Чымановдун, Б.К. Оторбаевдин эмгектеринде компетенттүүлүк, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселелеринин ай-рым бир аспектилери гана эскерилип

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



кетсе, ал эми Б.М. Акматовдун «Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы» аттуу докторлук изилдөөсүндө жалпы кыргыз адабиятын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-теориялык жана методикалык негиздери ар тараптуу, тереңден ачылып берилген. Мындай бир караганда, Б.М. Акматовдун фундаменталдуу эмгегинен кийин бул багытта биз изилдеп-иликтегенге эч нерсе деле калбагандай. Чынында андай деле эмес. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселеси андан ары карай тереңдетип изилденүүгө муктаж. Андан да биздин изилдөөчүлүк аракетибиз көп кырдуу кыргыз адабияты корунун эң бир орчундуу бөлүмдөрүнүн бирин – кыргыз жазгыч акындарынын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесин ар тараптуу, тереңдетип чечмелөө максат-милдетин алдына коюп отурат. Жазгыч акындардын чыгармаларында кыргыз элинин кылымдарды карытып калыптанып, улуудан кичүүгө өтүп келе жаткан асыл ойлору, философиясы, жаш муундарды атуулдук сезимдерге, гумандуулукка тарбиялоодогу элдик педагогикалык салттары, эстетикалык жана улуттук баалуулуктары орун алган. Булардын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутулушун буга чейинкиге окшотуп жалпы негизде эмес, өз алдынчалуу карап чыгуу, ар тараптуу, тереңден иликтеп-изилдөө зарылдыгы бар. Мына ушул жагдай кыргыз жазгыч акындарынын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесинин **актуалдуулугун** жетиштүү деңгээлде аныктай алат.

**Корутунду.** Жыйынтыктасак, кыргыз адабиятын – жазгыч акындардын чыгармачылыктарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологияларынын илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгууда башкы таяныч болуп кесиптик билим берүүнү гумандаштыруу, инсанга багыттап окутуу проблемалары боюнча мурдагы Союздун жана азыркы КМШ өлкөлөрүнүн окумуштуу-педагогдору: Н.И.Алексеевдин, Ш.Амонашвилинин, А.Г. Асмоловдун, О.С. Газмандын, Ю.З. Гильбухтун, И.Б. Котованын, В.В. Сериковдун, В.А. Сластениндин, И.Ч. Якиманскаянын, Л.А. Полудненконун, С.Д. Якушеванын ж.б. педагогикалык изилдөөлөрү эсептелинди.

Кыргызстандык педагогдордун жана окумуштуу-методисттердин: Н.А. Ахмедованын, И.Б. Бекбоевдин, К.А.Биялиевдин, К.Д. Добаевдин, М.Х. Манликованын, А.С. Мукамбетованын, А.Муратовдун, С.С. Сакееванын, С.К. Рысбаевдин, Ж.А. Чымановдун, Б.К. Оторбаевдин ж.б. эмгектеринде орто, атайын орто жана жогорку окуу жайларында билим берүүнү жогорулатуунун, жалпы билим берүүчүлүк жана ЖОЖдук окуу предметтеринин илимий-методикалык базасын жаңылантуу аркылуу окуучулардын жана студенттердин компетенттүүлүктөрүн арттыруунун проблемалары, окутуу-билим алууга карата компетенттүү мамиле, андагы компетенттүүлүк маселелери бул же тигил аспектиде каралган, бирок атайын орто жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө кыргыз адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу технологияларын колдонуу аркылуу кыргыз адабиятын окутуу методикасын өркүндөтүп өнүктүрүү боюнча атайын илимий изидөөлөр акыркы мезгилдерге чейин жүргүзүлбөй келгенин айттык. Профессор Б.М. Акматовдун кыргыз адабиятын кесиптик ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутууга арналып иштелген докторлук изилдөөсү бул кемтени кайсы бир деңгээлде толуктап бергенсиди. Анткен менен, жазгыч акындардын чыгармаларын ЖОЖдордо компетенттүүлүккө негиздеп окутууга деп атайын изилдөө иштери дээрлик жүргүзүлө элек экендиги да анык.

**Адабияттар:**


1. Бабаев Д.Б., Мурзаев М.С. Болочок педагогдордун кесиптик компетенцияларын калыптандыруу // Кыргыз Билим берүү академиясынын кабарлары. – 2016. – № 4. – 9–14-б.
2. Зикирова Г.А. Математика мугалиминин методикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу // Кыргыз Билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек. – 2021. – № 1 (53). – 40–47-б.
3. Королькова С.А. Компетентностный подход в профессиональном обучении // Вестник ВолГУ. Серия 6. Вып.11. 2008-2009.
4. Беляева В.А., Петренко А.А. Компетентностный подход в теории педагогического образования // Рязанский государственный унмверситет им. С.А. Есенина (Интернет булак).
5. Еремкина О.В., Федорова Н.Б., Морин Д.В., Борисова М.А. Компепетентностный подход в обучении. - Рязань, 2010.
6. Манаенко М.П. Компетентностный подход как методологическая основа образовательного процесса в вузе // Мичуринский государственный аграрный университет (Интернет-булак – mmanaenkova@yandex.ru).
7. Компетентностный подход в образовании: методологический аспект. Монография (под ред. С.Д.Якушевой). – Новосибирск: Изд. СибАК, 2016. – 248 с.
8. Федоров А.Э., Метелев С.Е., Соловьев А.А., Шлякова Е.В. Компетентностный подход в образовательном процессе. Моногр. - Омск: Изд. ООО «Омсбланкиздат, 212. - 210 с.
9. Компетентностный подход. Инновационные методы и технологии обучения (сост.: Н.В. Соловова, С.В. Николаева). – Самара: «Универс групп», 2009. – 137 с.
10. Зимняя И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании. – М., 2004. – 42 с.
11. Троянская С.Л. Основы компетентностного подхода в высшем образовании. Учебное пособие. – Ижевск: Издательский центр «Удмуртский университет, 2016. – 176 с.
12. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясы. Монография. – Б.: «Фаст принт», 2016. – 4-б.
13. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына санариптик билим берүүнү киргизүү боюнча методикалык колдонмо. – Б., 2020. – 13-15-бб.
14. Петровская Л.А. Компетентность в общении. – М.: Изд-во МГУ, 1989. – 216 с.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



15. Байденко В.И. Выявление состава компетенций выпускников вузов как необходимый этап проектирования ГОС ВПО нового поколения. Методическое пособие. - М.: 2006. -55 с.
16. Белицкая Г.Э. Социальная компетентность личности. – М.: ИП РАН, 1995. – 245 с.
17. Берестова Л.И. Социально-психологическая компетентность как профессиональная характеристика руководителя. Автореф. дисс. на соиск. уч. ст. канд. псих. наук. - М., 1994.
18. Маркова А.К. Психологический анализ профессиональной компетентности учителя Советская педагогика.-1990. - №8.
19. Кузьмина Н.В. Профессионализм личности преподавателя. - М.: АПН, 1990. - 149 с.
20. Кузьмина Н.В. Акмеологическая концепция развития профессиональной компетентности в вузе. / Монография. - СПб.: Центр стратегических исслед., 2012. - 199 с.
21. Куницина В.Н., Казаринова Н.В., Погольша В.М. Межличностное общение. Уч. для вузов. - СПб., 2001. - 544 с.
22. Равен, Джон. Компетентность в современном обществе: Выявление, развитие и реализация. - М.: Когито-Центр, 2002. – 394 с.
23. Божко Е.М., Ильнер А.О. Компетентностный подход в России и за рубежом: исторические и теоретические аспекты // Мир науки. Педагогика и психология. – 2019. – № 1. – Т. 7. (https://mir-nauki.com).
24. Хуторский А.В. Компетентностный подход в обучении. - М.: Изд. «Эйдос», 2013. – 73 с.
25. Дидактика. Учебник для вузов. Стандарт третьего поколения. - Спб.: Питер, 2017. – 720 с.
26. Гурье Л.И. Моделирование системы педагогических компетенций научно-педагогических кадров высшей профессиональной школы: монография. - Казань: РИЦ «Школа», 2009. - 160 с.
27. Хомский Н. Аспекты теории синтаксиса. - М.: Изд. Московского университета, 1972. - 260 с.
28. Туркмен Рамазан. Окуучуларды компетенттүүлүктүн негизинде оекутуу // Кыргыз Билим берүү академиясынын кабарлары. - 2016. - № 1. – 107-111-бб.
29. Болонский процесс: результаты обучения и компетентностный подход (книга-приложение 1) / Под науч. редакцией доктора пед. наук, профессора В.И.Байденко. - М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2009. - 536 с.
30. Беделова К.А. Компетентностный подход при изучении произведений поэтов письменников в вузах. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 7. С. 267-270.